**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XI сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 11-марттагы № 9 Тамга айылы

**«Тосор жалпы орто билим берүү мектебине ысым ыйгаруу тууралуу сунуштар» жөнүндө**

Тосор айылынын тургуну Кускакбаев Батабектин чоң атасы Кускакбай уулу Байгазынын жана Малаев Сынчыбектин атасы Малаев Казыйбайдын ысымдарын Тосор жалпы орто билим берүү мектебине ыйгаруу тууралуу арыздарын жана мындан ары дагы ушул маселе боюнча айыл тургундарынын арыздары айылдын ынтымагын сактоо максатында жалпы элдин сунушун эске алып, мурунку Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин жамаатынын чогулушунун жыйынтыгынын негизинде жана айылдык кеңештин депутаттарынын сессиясынын чечими менен Тосор жалпы орто билим берүү мектебине ысымын өзгөртүүгө каршы экендиги тууралуу эл депутаттарынын Тамга айылдык кеңешинин XXVII-чакырылышынын 3-сессиясынын кабыл алынган № 5 токтому күчүндө калтырылып, айылдык кеңешинин ачык сессиясында депутаттар карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XI-сессиясы токтом кылат:

1. Тосор айылынын тургуну Кускакбаев Батабектин чоң атасы Кускакбай уулу Байгазынын жана Малаев Сынчыбектин атасы Малаев Казыйбайдын ысымдарын Тосор жалпы орто билим берүү мектебине ыйгаруу тууралуу арыздарын жана мындан ары дагы ушул маселе боюнча айыл тургундарынын арыздары айылдын ынтымагын сактоо максатында жалпы элдин сунушун эске алып, мурунку Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин жамаатынын чогулушунун жыйынтыгынын негизинде жана айылдык кеңештин депутаттарынын сессиясынын чечими менен Тосор жалпы орто билим берүү мектебине ысымын өзгөртүүгө каршы экендиги тууралуу эл депутаттарынын Тамга айылдык кеңешинин XXVII-чакырылышынын 3-сессиясынын кабыл алынган № 5 токтому күчүндө калтырылып, Тосор жалпы билим берүү мектебинин аты өзгөртүүсүз калтырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Дуйшембиевге жана Тосор жалпы билим берүү мектебинин мүдүрү А.Букаровго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин

Төрагасы: А.Букаров